КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2026-жылдын 08-июль №44 Барскоон айылы

**2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык жыйынтыгы менен иштин муктаждыгына акча каражаттарын жылдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана КРнын "Жергиликтүү администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 жана 39 беренелерине ылайык, жергиликтүү кеңешине, айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысынын убактылуу башчысы Г.Чабалдаеванын акча каражаттарын жылдыруу тууралуу билдирүүсүн угуп, талкуулап чыгып Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык жыйынтыгы менен иштин муктаждыгына акча каражатын жылдырууда 6 ай ичинде сатып алуулар порталында болгон үнөмдөлгөн жана жыл ичинде пайдалана албай калган акча каражаттары №1 тиркемеге ылайык акча каражаттары статьядан статьяга жылдырылып, бөлүнсүн.

2. Каралган акча каражаттарын бекитип берүү жагы Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

3. Кабыл алынган чечимге ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, каржы-экономикалык жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына (А.Букаров) тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска

Тиркеме №1

**Айыл өкмөтүнөн статьядан статьяга жылдыруучу акча каражаттары:**

| № | Аталышы | Кайсы жумушка өзгөрүүсү | Кайсыл жумуштан алынып жатат | Суммасы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Барскоон маданият үйүндөгү конференц-залга | Барскоон маданият үйүндөгү конференц-залына эмеректерди жана керектүү буюмдарды алууга | Социалдык объектилердин коммуналдык, гигиеналык каражаттары үчүн<br><br>- гигиеналык каражаттар, тазалоочу каражаттар – 100,0 миң сом<br><br>- чарбалык шаймандарды алууга<br><br>100,0 миң | 200 000 |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн архив бөлүмүнө | Архив бөлүмүнө текчелерди алууга жана терезесин алмаштырууга | Айыл өкмөтүнүн архив бөлүмүн ремонттоого каралган 150,0 миң сомдон | 100 000 |
| 3 | Барскоон айыл аймагынын расмий символикаларын (Гербин жана Желегин) иштеп чыгуу боюнча ачык сынагына | Сынактын байге фондуна | Айыл чарба каттоосунан үнөмдөлгөн акча каражатынан | 200 000 |
| 4 | Долбоорлоо-сметалык документацияларды жасатууга (ПСД) | Долбоорлоо-сметалык документацияга | Караколка, Карасай айылдырынын докуметанциясын жасоого | 900 000 |
| | **Жалпы** | | | **1 400 000** |